**Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин**

**Окуу-методикалык камсыздоонун билим берүү стандартынын талаптарына жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө ылайык келүүсүн анализи**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы орто билимдин Мамлекеттик билим берүү стандарттарына ылайык иш алып баруу менен Н.Рахманов атындагы орто мектептин билим сапатын камсыздоо максатында 2022-жылдын 30-августунун №1 педагогикалык кеңешмеде бекитилген мектептин өнүгүү планында (стратегиялык план) жана учурдагы окутуунун жана тарбиялоонун жакшыртуу планында (ОТЖП) мектептин миссиясы жана максаты каралган. Мектепти жана кызыктар тараптарды өзүн-өзү баалоонун жыйынтыктары менен кошумча талаптар керек экендигин эске алуу менен МӨП(страт. планга) киргизилген, ал эми толуктоолор, кошумчаланып жыл сайын анализделип киргизилип турат. Педогогикалык кенештердин жана өндүрүштүк кенешмелердин маселелери талапка ылайык , зарыл деп табылган маселелер менен алмашылып турат.

**Мектептин миссиясы: Мектеп өз региондун өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен үзгүлтүксүз башталгыч, жалпы негизги, жалпы орто билим берүүнү камсыз кылат. Мектеп ата-энелер, жергиликтүү коомчулук менен тыгыз кызматташтыкта окутууну жана тарбия берүүнү инсандын, коомдун, мамлекеттин кызыкчылыгында жүргүзөт. Инсандын ден соолугун сактоону камсыздайт, анын ар тараптан өнүгүүсүнө шарт түзөт.**

**Мектептин педагогикалык темасы: “Окуучуларды инсанга багыттап окутуп тарбиялоо”**

Мектеп жамааты алдыга койгон максатка жетүү үчүн, **2022-2027-окуу жылына** стратегиялык планы түзүлгөн.

Мектептин миссиясы менен дал келген жана мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык так аныкталган билим берүү максаттары иштелип чыккан:

**2022-2027-окуу жылына коюлган максаттар:**

1. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн педагогдордун кесиптик компетенциясын жогорулатуу;
2. Коомчулукта ийгиликтүү социалдашууга, жашоого ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон окуучуларды тарбиялоо, кесипке багыттоо;
3. Мектеп окуучуларынын коопсуздугун камсыздоо механизмдерин түзүү, мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо;
4. Ийримдерди тузүү, спорт оюндарын жандандыруу. Райондук, областтык деңгээлде өткөрүлгөн иш-чараларга активдүү катыштыруу;
5. Мектептин айланасын, окуу кабинеттерди жашылдандыруу;
6. Мектептин китепканасын жетишпеген китептер менен камсыздоо;
7. Ата-энелер менен тыгыз байланышта иш алып баруу;
8. Жетишүүсу мыкты балдарды райондук олимпиадаларга даярдоо, катыштыруу; Олимпиадага даярдоого тажрыйбалуу мугалимдерди жооптуу кылып дайындоо.

**2022-2027-жылы үчүн коюлган милдеттер:**

1. Окуу-тарбия процессин жакшыртууда окуучулардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;
2. Алдыңкы тажрыйбалуу мугалимдердин иш-тажрыйбасы астында мугалимдердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга шарт түзүү. Профессионалдуулугун арттыруу максатында жаш адистерге усулдук жардам берүү иш-тажрыйбаларын жайылтуу.
3. Окуучуларды нравалык маданиятка, атуулдукка, жоопкерчиликтүүлүккө улуттук каада-салтты пайдалануу менен тарбия берүүгө жетишүү. Тарбиялык жана класстан тышкаркы иштерди уюштурууну ар тараптан өнүктүрүү.
4. Окуучулардын китеп окуусуна багытталган иш-чараларды уюштуруу.
5. Мектептин материалдык базасын чыңдоо, китепкананын ишин жакшыртуу.
6. Окуучулардын билим сапатын аныктоо үчүн мониторинг жүргүзүү жана баалоо системасын жакшыртуу.
7. Окуучулардын ар биринин өзгөчөлүктөрүн ырааттуу түрдө окуп-үйрөнүү менен окутуп тарбиялоону оптималдаштыруу.
8. Билим берүүдө сабактын технологиясын туура тандоо;
9. Билим берүүнүн усулдарын жана жолдорун мурдагы салттарга таянуу менен улам жаңылоо, сабактын жаңы структурасын изилдөө жана окутуу жолдорунун башка формаларын колдонуу;
10. Окуучуну тарбиялоодо гумандуу мамиленин негизинде адамгерчиликке, боорукерликке, эмгекчилдикке, маданияттуулукка тарбиялоо;
11. Мугалим менен окуучунун өз ара байланышынын жаңы тибин калыптандыруу, инсанда чыгармачыл башталышты ачуу, багыттоо;
12. Билимдүүлүгү, инсандык касиеттүүлүгү жетилген, билимин өз турмушунда колдоно алган, коомго пайдалуу чыгармачыл адамды тарбиялоо.

Мугалимдердин билимин, кесипкөйлүүлүгүн жогорулатуу максатында билимин өркүндөтүү курстарында окутулат.

Окутуу программасынын алкагында эффективдүү иш алып баруу үчүн нормативдик жана окуу-методикалык иш кагаздары менен иш алып баруу жакшы жолго коюлган:


-мамлекеттик билим берүү стандарты;
-жумушчу окуу планы;
-жумушчу окуу программасы;
-тематикалык пландар;

**Мектептин ишинде окуу жана методикалык адабиятттар кеңири колдонулат:**

-инструкциялык карталар, сөздүктөр;
-көрсөтмө куралдар;
-окутуунун техникалык каражаттары жана практикалык ишмердүүлүгү үчүн атайын каражаттар.

2022-2023-окуу жылында 2-чейректин жыйынтыгы менен окуучулардын саны 217, алардын ичинде кыздар-104 Улуттук курамы боюнча кыргыздар -100%

Билим берүү уюму кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө карата төмөнкү структуралык бөлүктөр менен иш жүргүзөт:




Кызыкдар тараптардын керектөөлөрүнө жүргүзүлгөн иштердин жыйынтыгында мектепте химия жана биология, кыргыз тили жана адабияты, тарых, орус тили жана адабияты, математика жана физика предметтеринен мугалимдердин ишмердүүлүгүнүн негизинде райондук, областтык олимпиадага жана ЖРТгө окуучуларды жигердүү даярдоо бүгүнкү күндө жакшы жыйынтыгын берүүдө.

**Мектеп директору:** **Дюшенбаева С.Э.**